DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2024-56-223-228
УДК: 811.512.154

***Акматов Н. Р.**, филол. илимд. канд., доцент*
*nurbek_akmatov_76@mail.ru*
*ORCID: 0000-0003-4159-8355*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ, Каракол ш., Кыргызстан*

# ПРОФЕССОР ЖЭЭНБАЙ МУКАМБАЕВ ЖАНА АНЫН КЫРГЫЗ ТИЛ ИЛИМИНДЕГИ САЛЫМЫ

*Макалада профессор Жээнбай Мукамбаевдин кыргыз тил илиминин өнүгүшүнө кошкон салымы, илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү тууралуу сөз болот. Кыргыз тилинин лексикологиясы, диалектологиясы тармагындагы, ошондой эле топонимика, этимология, кыргызтаануу илими боюнча изилдөөлөрү да талдоого алынат. Ж. Мукамбаев илимпоз гана эмес, педагог, чебер устат, мыкты жетекчи, жазуучу, публицист жана коомдук иштердин активдүү катышуучусу экендиги ачылып көрсөтүлөт. Ошондой эле Ж. Мукамбаевдин өмүр жана илимий чыгармачылык жолу, замандаштарынын эскерүүлөрү да баяндалат.*

***Түйүндүү сөздөр:** Ж. Мукамбаев, педагог, профессор, чыгаан окумуштуу, кыргыз тили, диалектолог, диалектилик сөздөр, лексикограф, мыкты жетекчи, педагог-насаатчы, устат.*

***Акматов Н. Р.,** канд. филол. наук, доцент*
*nurbek_akmatov_76@mail.ru*
*ORCID: 0000-0003-4159-8355*
*ИГУ им. К. Тыныстанова, г. Каракол, Кыргызстан*

# ПРОФЕССОР Ж. МУКАМБАЕВ И ЕГО ВКЛАД В КЫРГЫЗСКОЕ ЯЗЫКОЗНАНИЕ

*В данной статье отмечается вклад профессора Ж.Мукамбаева в отрасль лексикологии-диалектологии кыргызского языкознания, его учебные пособия, посвященные общеобразовательным школам и высшим учебным заведениям. Кроме кыргызской диалектологии, Ж. Мукамбаевым также были исследованы другие вопросы кыргызского языкознания (топонимика и этимология). Далее подчеркивается, что Ж. Мукамбаев не только ученый, а также замечательный руководитель, педагог, писатель, публицист, мастер литературно-переделанных кыргызских народных легенд. В статье описываются воспоминания современников Ж. Мукамбаева о его жизни и научной деятельности, подробно отражаются мнения его наставников-учителей, учеников и соратников профессора. В дополнении описываются его книги, посвященные «Кыргызоведению». А также приводятся некоторые диалектизмы и их семантическое значения. Указывается особенность и ценность этих книг. В итоге говорится, что наследие и рукописи Ж. Мукамбаева должны стать объектом специального исследования.*

***Ключевые слова:** Ж. Мукамбаев, педагог, профессор, видный ученый, кыргызский язык, диалектизмы, диалектология, педагог –наставник, замечательный руководитель, учитель, писатель, публицист.*

***Akmatov N. R.,** cand. philol. sciences, associate professor,*
*Email address: nurbek_akmatov_76@mail.ru*
*ORCID: 0000-0003-4159-8355*
*Issyk-Kul state university named after K. Tynystanov,*
*Karakol, Kyrgyzstan*

# PROFESSOR ZH. MUKAMBAEV AND HIS CONTRIBUTION TO KYRGYZ LINGUISTICS

*This article notes the contribution of Professor Zh. Mukambaev to the field of lexicology-dialectology, Kyrgyz linguistics, his text books dedicated to secondary schools and higher educational institutions in his scientific and pedagogical life path. In addition to Kyrgyz dialectology, Zh. Mukambaev also studied other issues of Kyrgyz linguistics (toponymy and etymology). It is further emphasized that Zh. Mukambaev is not only a scientist, but also a wonderful leader, teacher, writer, publicist, master of literary reworked Kyrgyz folk legends, and participant in public life. The article describes the memories of Zh. Mukambaev's contemporaries about his life and scientific activities, and reflects in detail the opinions of his mentors, teachers, students and associates of the professor. The addition describes his books dedicated to "Kyrgyz Studies", etc. And also some dialectisms and their semantic meanings are given. The peculiarity and value of these books is indicated. As a result, it is said that the heritage and manuscripts of Zh. Mukambaev should become the object of special research.*

***Key words:*** *Zh. Mukambaev, teacher, professor, prominent scientist, кyrgyz language, dialectisms, dialectology, teacher-mentor, wonderful leader, teacher chavez, writer, publicist.*

Жээнбай Мукамбаев тилчи-окумуштуу, диалектолог, лексикограф, педагог гана болбостон, жазуучу-жомокчу жана журналист-публицист да болгондугу жалпыбызга белгилүү. Ал «Диалектологиялык сөздүгү» аркылуу кыргыз тил илиминде гана эмес, жалпы түркология илиминде да көрүнүктүү илимпоздордун бирине айланган.

Жээнбай Мукамбаев 1929-жылы 20-февралда Ысык-Көл областынын Түп районуна караштуу Күрмөнтү айылында туулган. 1936-жылы Күрмөнтү орто мектебинин 1-классына кирип, аны 1946-жылы бүтүрөт. 1947-жылы Караколдогу (мурдагы Пржевальск) мугалимдер институтун, 1951-жылы Фрунзедеги педагогикалык институтту бүтүрүп, аспирантурага кабыл алынган. 1952-жылы Тажикстандын Жерге-Тал жергесине 3 айга барып иштейт, андан кийин да Жерге-Тал менен байланышын үзбөйт. Аспирантураны 1954-жылы аяктап, ошол эле жылы академик К. К. Юдахиндин жетекчилиги менен «Кыргыз тилинин Жерге-Тал говору» деген темада кандидаттык диссертациясын коргойт. 1954-1989-жылдары КУУда (мурдагы КМУда) кыргыз филологиясы жана журналистикасы (мурдагы филология) факультетинде окутуучу, улуу окутуучу, доцент жана факультеттин деканы болуп эмгектенет. 1989-жылдын сентябрь айынан тартып И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетине (мурдагы Кыргыз мамлекеттик кыз-келиндер педагогикалык институтуна) профессор болуп орношот. Аталган жогорку окуу жайында жаңыдан иштеп баштаганда, 1989-жылдын 9-октябрында дүйнөдөн кайткан.

1992-жылы октябрь айында өзү туулуп-өскөн Түп районунун Күрмөнтү айылындагы Ильич атындагы орто мектепке Жээнбай Мукамбаевдин ысымы берилет.

1960-жылы Кыргыз ССРинин, ал эми 1968-жылы СССРдин эл агартуу отличниги болот. Кыргыз ССРинин Элге билим берүү министрлигинин жана Кыргызстан ЛКЖС БКнын Ардак грамотасы менен бир нече жолу сыйланган. Ал К. К. Юдахин, Б. М. Юнусалиев, Х. Карасаев, З. Бектенов, Т. К. Ахматов, С. А. Давлетов, С. Турусбеков, Ш. Шүкүралиев, Ю. Яншансин, А. Иманов, А. Осмонкулов, Ү. Асаналиев, Ш. Жапаров, Б. Усубалиев, П. Ырысов сыяктуу дагы башка окумуштуулар менен биргеликте көп жылдар үзөңгүлөш жүрүп, ынтымакта иштешкен. Ж. Мукамбаев замандаштарынын жана кесиптештеринин арасында илимий жактан да, педагогдук кадыр-барк жактан дагы жогору инсандардын бири болгон. Педагогдук эмгек жолун баштаган күндөн тартып, кесибин өмүрү өткөнгө чейин туу тутуп, ардактап, ошону менен бирге илимдин күжүрмөн дыйканы катары эмгектенген. Өз мезгилинде анын эмгектери туура баасын ала алган эмес. Анын негизги себеби – ошол

кездеги коммунисттик партиянын идеологиялык саясатынын кесепети. Ж. Мукамбаев да совет − доорундагы ошол идеологиялык саясатка кабылгандардын бири.

Мына ошол туура эмес сындардын кесепетинен, окумуштуунун бүткүл өмүрүн арнап жыйнаган «Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгүнүн» 2-3-4-томдору 2009-жылга чейин чыгарылган эмес. Сөздүктүн жарык көрө элек кол жазмалары 2009-жылы Кыргыз-түрк «Манас» университетинин профессору К. Конкобаев тарабынан кайрадан редакцияланып, Кипрдеги Американын Гирне университетинин каржылоосу менен жарыкка чыккан.

Ж. Мукамбаевдин кайсы гана эмгегин албайлы, биринчи кезекте, «Диалектологиялык сөздүгү» аркылуу кыргыз тил илими жана жалпы түркология илимине белгилүү болгондугу талашсыз. Бул багытта анын «Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгүнүн» 1-тому 1972-жылы басылып чыккан, 2-жолу 1976-жылы басмадан жарык көргөн. Бул эмгек акыркы мезгилге чейин теңдеши жок эмгек катары бааланып келүүдө. Аталган сөздүктүн калган үч тому басмага даярдалган бойдон өздүк архивинде, жубайы Мадина Азаматованын колунда узак жылдар сакталып турган. Бул эмгек – окумуштуунун 40 жылдык эмгегинин жыйынтыгы. Лексикографиялык жагынан алганда, академик К. К. Юдахин түзгөн «Кыргызча-орусча сөздүккө» тете келген эмгек катары баалагандар да бар. Бул «Диалектологиялык сөздүгү» түркологияга кошулган зор салым болгон. Мындан башка да 1978-жылы «Кыргыз тилинин морфемалык сөздүгүн» (профессор А. Осмонкулов менен бирге) да түзгөн. Ж. Мукамбаев мектеп окуучуларына (айрыкча, 2-3-класстар үчүн) «Кыргыз тили», «Эне тили» боюнча, атайын орто окуу жайлары жана ЖОЖдордун студенттерине арналган окуумдар, окулмаларды жана усулдамалар менен багыттамаларды түзүүдө да чоң иштерди жасаган.

Ж. Мукамбаев тарабынан эки жүз элүүгө жакын эмгеги жарык көргөн. Аларды багыты, мазмуну, тематикасы боюнча ономастикалык (айрыкча, топонимикалык, антропонимикалык), этимологиялык, педагогикалык (көбүнчө элдик педагогиканын өзөктөрүнө ширелген) жана диалектологиялык деп бөлүүгө болот. Ошондой эле элден жыйнап алып, кайра өзү толуктап чыккан уламыштар (бөтөнчө, топонимикалык легендалар) бир топ жана аларды көркөм чыгарма деңгээлине жеткире чоң чеберчилик менен иштеп чыгара алган. Ж. Мукамбаев КМУда окутуучу болуп иштеп турганда, студенттерди диалектологиялык-фольклордук практикага алып чыгып, анда топтолгон материалдарды чыгармачылык менен эмгектерине пайдаланган, башкача айтканда, элден алганды кайра элдин өзүнө, кийинки муундарга тартуулаган. Мындай аракет өтө баамчыл, өзгөчө аракетчил жана өзүнүн бүткүл руханий маданиятын жана аракетин элге арнаган адамдын гана колунан келген. Ж. Мукамбаев ар дайым эл аралап, чыгармачыл саякатта жана изденүүдө жүргөн, өз кезегинде, мунун баары ага элден албан көркөм дөөлөттөрдү чогултушуна өбөлгө түзгөн. Натыйжада, ал элден өзү чогулткан матариалдарды иреттеп, керек болгон учурда кайрадан иштеп чыгып, «Эл ичи – өнөр кенчи» (1982, 1990), «Кыргыз эл табышмактары, жаңылмачтары, калптары» (1981) жана «Менин жомокторум» (1980), «Эне – нур» (1983), «Ак-Булак» (1980) деген кызыктуу китептерди жазат. Мындан анын интеллектуалдык потенциалынын зор экендигин көрөбүз жана тилчилик менен жазуучулук талантынын табигый түрдө айкалышып, мээнеткечтиги менен терең энциклопедиялык билими анын инсандык касиетин арттырып, окумуштуулук дараметинин асылданышын шарттаган.

Ж. Мукамбаевдин кыргыз тили менен адабиятына кошкон салымын өзүнчө багытта кеңири изилденүү зарылдыгы бар.

Ж. Мукамбаев өзүнө-өзү талапты айрыкча коё билгендиктен, ар дайыма өсүштө болгон, ошого жараша жазган эмгектеринде кайталоолор жокко эсе, негизинен, чыгармалары бирин экинчиси мазмуну жана логикалык жактан ойду күчөтүп турганы менен айырмаланган. Биз сөз кылып жаткан окумуштуунун эң бир асыл пенделик сапаттарынын бири өзүнүн кесиптештерине, окутуучу-устаттарына, окумуштуулар К. Тыныстанов, Е. Д. Поливанов, Ж. Шүкүров, Б. М. Юнусалиев, К. К. Юдахин, К. Карасаев, Ю. Яншансин, Ш. Шүкүралиев жана башкаларга чоң урмат менен мамиле жасаган, алардын филологиялык эмгектерин үйрөнүүгө, изилдөөгө, пропагандалап-жайылтууга бөтөнчө назар салган. Окумуштуу Р. Эгембердиевдин кандидаттык диссертациясына жетекчилик кылган.

Замандаштарынын эскерүүлөрүнө караганда, Ж. Мукамбаев инсан жана мээнеткеч окумуштуу катары айкөл, боорукер, улуу менен кичүүгө бирдей караган, адамгерчилиги бийик устат, абдан жөнөкөй, көкүрөгү таза, эч бир адамдын көңүлүн оорутпаган адам болгон. Ал кыргыз тил илимин өнүктүрүүгө баалуу салым кошкон, бирок көрө албастыктын курмандыгы болгон. Бул адамды эскерүү коомчулук үчүн да, кесиптештери үчүн да, шакирттери үчүн да өтө аянычтуу болгон.

Жазуучу, журналист Мирзохалим Каримовдун «Азаттыкка» берген баяндамасына караганда, «Окумуштуу Ж. Мукамбаев – Жерге-Талда, Мургабда, Шаар-Тузда, Исфарада жашаган кыргыздардын тилин, дилин, оозеки чыгармачылыгын 1951-жылдан баштап жазып, калың элдин кадырына ээ болгон мээнеткеч окумуштуу «Эл ичи – өнөр кенчи» аттуу эмгегин, этнографиялык жана публицистикалык эмгектерин да дал ушул элдердин жашоо-турмушунан алып жазган» *(«Кыргыз тилинин дыйканы – Жээнбай Мукамбаев», Азаттыктын сайты).* Тоолуу Бадахшандагы шакирти Ш. Орунбеков: «Сөздү мончоктой тизмектеп көркүнө чыгарган агайдын ысмы биз үчүн ыйык», - дейт. "Анын сөз байлыгы, окумуштуулук касиети биздеги Памир тоолорундай бийик эле", - десе, дагы бир шакирти Айдараалы Сапарбаев: «Жээнбай агай абдан жөнөкөй, боорукер, бой көтөрбөгөн дыйкан мүнөз, улуу-кичүүгө бирдей жылуу мамиле кылган, тил илимине баш-оту менен сүңгүп кирген чыныгы илимпоз адам эле», - деп эскерген. Өмүрлүк жубайы Мадина Азаматованын айтымында, «Жээнбай Мукамбаев – кыргыз тилинин диалект сөздөрүн жыйноого өмүрүн арнаган адам. Анын баспаган жери, барбаган жолу калган эмес. Басса-турса кагаз бетине элден уккан сөздөрүн жазып, анын маани-маңызын сурамжылап, эрикпей кагаз бетине түшүрүп келген. Жарым кылым ушул иштин үстүндө талыкпай иштеген». Буга байланыштуу, окумуштуу тууралуу кесиптештери Ш. Жапаров менен А. Осмонкулов профессор Ж. Мукамбаевдин баарынан ыйык көргөн үч жери болгон деп жазышат: «*Биринчиси – Курмөнтү айылы, экинчиси – Памир, үчүнчүсү – КУУ*».

Ж. Мукамбаев кыргыз тил илимин, анын ичинде диалектология илимин өнүктүрүүгө бүткүл өмүрүн арнаган. Балким, анын адам катары да, илимпоз катары да бийиктигинен улам, профессор Ү. Асаналиев «2009-жылы «Айкөл адам, атактуу аалым» деген макаласын жазса керек. 200 басма табак көлөмүндөгү «Диалектологиялык сөздүк» 1-тому 1972-жылы 1000 даана, 1976-жылы 500 даана басылган. Изилдөөчү К. Конкобаевдин жазгандарына караганда, «Сөздүктүн» жарыяланышын кыргыз окумуштуулары жана чет элдик окумуштуулар: Венгриядан

Жум Немет, АКШдан проф., др. Карл Менгес, Россиядан проф. С. Е. Малов, акад. А. Н. Кононов, проф. Э. Р. Тенишев, проф. А. М. Щербак, проф. Э. В. Севортян, проф. К. М. Мусаев ж. б. абдан кубануу менен жакшы саамалык катары кабыл алышкан. Тилекке каршы, «А» тамгасынан «Ж» тамгасына чейинки сөздөрдү камтыган «Диалектологиялык сөздүк» Кыргыз мамлекеттк университетинде, андан кийин Улуттук илимдер академиясында идеологиялык катуу сынга кабылат.

Сөздүктө эч кандай катачылык жок экендиги, тескерисинче, кыргыз тил илиминдеги барандуу эмгек экендиги К. К. Юдахин, К. Карасаев, А. Токомбаев, Т. Сыдыкбеков сыяктуу залкарлар тарабынын баса белгиленип, кубаттоого алынса да, ошол кездеги бийлик, компартиянын айрым өкүлдөрү жана кээ бир илимпоздор тарабынан «Сөздүктөгү идеологиялык кетирилген каталар оңдолсун!», - деген жыйынтык чыгарылган. Талкуудагы жыйында 20 адам катышса, алардын 14 мүчөсү «Сөздүккө» оң баасын беришип, макулдуктарын билдиришет. Жыйындын калган 6 мүчөсү гана каршы пикирлерин билдиришиптир.

Сөздүктү жазып жарыкка чыгаруу ишине агайдын 20 жылдык өмүрү сарпталган. Бир институт же ЖОЖдун илимий жамааты аткара турган ишти өзү жалгыз аткара алган. Сөздүктүн кийинки 2-3-4-томдорунун, сөздөрдүн картотекаларынын, илимпоздун кол жазмаларынын сакталышына жана жарыкка чыгарылышына Мадина Азаматованын кошкон чоң салымы да болгон. Албетте, «Диалектологиялык сөздүк» – Ж. Мукамбаевдин кыргыз тил илиминдеги чоң жаңылык эмгеги. Өмүрүндөгү баатырдык ишинин бири жана башаты болгон дегенге негиз бар. Эл-журтка, илимий агартуу чөйрөгө кызмат кылуунун чоң өрнөгү болгон.

2009-жылы жарык көргөн «Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгүндө» (Бишкек, 2009, 1379 б.) кыргыз тилинин 32000ге жакын сөзү камтылган. Кыргыз тил илиминин тарыхында алгачкы ирет толук түрдө жарыяланган эмгек болуп саналат. Сөздүктөгү сөздөрдө кыргыздардын дүйнө таанымы, алардын маанисин ачып берүүдө кыргыздар колдонуп келген миңдеген макал-лакаптар, учкул сөздөр, сөз тизмектери, айкалыштары, нарк-насилдери, этнографиялык түшүнүктөрүн билдирген терминдери ж. б. миңдеген зарыл маалыматтар да камтылган. Келечекте дагы сөздүктүн кыргыз тарыхындагы, маданиятындагы, кыргыз тил илиминдеги, кыргыз лексикографиясындагы орду жана мааниси тууралуу көп багыттагы иштерди жазып, аткарууга болот.

Миңдеген жылдар калыптанган кыргыз элдик оозеки тили кыргыз элинин бүткүл жашоо-турмушунун тарыхын, таанып-билүүсүн чагылдырган күзгүсү болуп саналат. Сөздүктө кыргыздардын бай тилдик казынасы топтолгон, ошол себептен кыргыздын чыныгы жүзүн, элдик нарк-насилин жана ар-намысын да ушул сөздүктөн табууга болот.

«Диалектологиялык сөздүктөн» бир мисалга токтоло кетсек. «Сөздүктө» *Куунайза* деген сөз кездешет. Ж.Мукамбаев: **«Куунайза»** *ыск.* Асканын driver чучтукуй келген узун тик чокусу; тээтиги бийикти куунайза деп коёт», - деп түшүндүргөн [6]. Ысык-Көлдө тоолуу карагайлуу айрым бийик жерлерде (Түргөндө) уч тарабы куурап калган карагайлуу жерлер да жергиликтүү эл оозунда ушундайча, «Куунайза» болуп аталат» [1 105-б.]. Балким, метафоралык мааниден улам, аскалуу тик келген чоку да ушундай аталышта жергиликтүү Ысык-Көл элинде аталышы мүмкүн.

Жогоруда баяндалган маалыматтарга кошумча катары, Ж. Мукамбаевдин кыргыз лексикологиясынын бир тармагы болгон ономастика, анын ичинде топонимикасына кошкон салымына да учкай токтололу.

Ж. Мукамбаевдин «Жер-суу аттары – кылымдардын күбөсү», «Тил тарыхын иликтеп» деген макалалары 1970-жылдары жарык көргөн. Аталган макалаларда кыргыз топонимикасын изилдөөнүн негизги багыттары белгиленет, айрым топонимдерге сыпаттама жана этимологиялык жактан талдоо жүргүзүлгөн. 1970-жылы чыккан “Жер-суу аттары – тарыхтын күбөсү” макаласында кыргыз топонимдериндеги тарыхый катмарлар, топонимдердин элдин тарыхы менен байланышы жана топонимдердин алтай тилиндеги сөздөр менен окшоштугу, топонимдер кыргыз тилинин диалектилери үчүн да кызыктуу материал болуп кызмат кылары көрсөтүлгөн. 1979-жылы жарык көргөн «Тил тарыхын иликтеп» (Жаш ленинчи, №6. 1979, 28-29-беттер) деген макаласында жалпыга тааныш болбогон бир катар топонимдердин маанилеринин келип чыгышы жөнүндө орундуу пикирлери айтылат. Бул макалаларындагы илимий табылгалар бүгүнкү күндө да өз маанисин жоготпой, окуу куралдарында жана илимий эмгектерде кеңири колдонулуп келе жатат.

Жыйынтыктап айтканда, Ж. Мукамбаев ар тараптуу инсан: лексиколог, диалектолог, лексикограф, педагог, устат, мыкты жетекчи, башталгыч билим берүүнүн окуу куралдарынын алгачкы авторлорунун бири, атайын жана ЖОЖ окуу куралдарынын жана башка методикалык колдонмо, окуу программаларынын автору, мээнеткеч жазуучу жана публицист болгон. Жээнбай Мукамбаевдин көзү өтүп кетсе да, анын ат көтөргүс барандуу эмгектери, илимий жана адабий мурастары кыргыз жана жалпы түрк дүйнөсүндө түбөлүк сакталып жашай берет. Ал кыска өмүрүндө Ата-Журт, Мекен үчүн кызмат кылуунун чоң үлгүсүн келечек урпактарга тарбия катары көрсөтө алган. Окумуштуу жана жазуучунун илимий жана адабий мурастарын терендетип изилдөө – азыркы муундун илимий кызматкерлеринин кечиктирилгис чоң милдеттеринин бири.

**Адабияттар:**

1. Акматов, Н. Р. Ысык-Көл жер-суу аттарынын сөздүгү [Текст] /Н. Р. Акматов. - Каракол, 2009.

2. Жапаров, Ш. Ж. Кыргыз тилчи-методисттери [Текст] / Ш. Ж. Жапаров. - Бишкек – Нарын, 2004.

3. Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү. 1-том. / Түзгөн Ж. Мукамбаев. Редакциялаган жана жалпы редакциясын жасаган К. К. Юдахин. - Фрунзе: Илим, 1972. - 712 б.

4. Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү. [Текст] / Түзгөн Ж. Мукамбаев. Редакциялаган жана жалпы редакциясын жасаган проф. К. Конкобаев. - Бишкек, 2009. - 1379 б.

5. Мукамбаев, Ж. Кыргыз диалектологиясынын очерктери [Текст] / Ж. Мукамбаев, Э. Абдулдаев. - Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1959. -240 б.

6. Мукамбаев, Ж. Жер-суу аттары – кылымдардын күбөсү [Текст] / Ж. Мукамбаев. // Мугалимдер газетасы, 1972.

7. Мукамбаев, Ж. Тил тарыхын иликтеп [Текст] / Ж. Мукамбаев // Жаш ленинчи. -1979. - №6. - 28- 29-бб.

8. Осмонкулов, А. Кыргыз тилинин окумуштуу методисттери жана тажрыйбалуу мугалимдери [Текст] / А. Осмонкулов. - Бишкек, 2006. - 87-97-бб.